# Кыргызстан медициналык колледждери Ассоциациясы тарабынан уюштурулган олимпиада

Жалал-Абад медициналык колледжинде 2022-жылдын 18-июнь куну Кыргызстан медициналык колледждер Ассоцациясынын №8 16.06.2022-жылдагы буйругунун негизинде Республика боюнча медициналык колледждер арасында "Сестралык иш" адистигинин бутуруучу курстагы студенттеринин катышуусунда онлайн форматта олимпиада өткөрүлдү.

Олимпиаданы Кыргызстан медициналык колледждер Ассоцациясынын президенти Станбаев Өзгөнбай Тилебаевич ачып берди.

Төмөнкү курамда комиссия түзүлүп:

Жалал-Абад областык медициналык маалымат борборунун директору -Чодуева Гулбара Чырмашевна комиссиянын торайымы,

ЖАОКБнын анестезиология жана реанимация бөлүмүнүн улуу медайымы - Кебекбаева Анаркул Исабаевна; ЖАОКБнын сезимтал оорулар бөлүмүнүн улуу медайымы олимпиаданын журушун башынан аягына чейин көзөмөлдөп турду.

Олимпиадага республика боюнча 18 медициналык колледждердин студенттери катышышты. Жыйынтыгында Бишкек медициналык колледжинин студенти Бекматова Альбина Борисовна 84 балл менен 1-орунга, Н.И.Пирогов атындагы МК студенти - Ахметова Сауле жана Талас медициналык колледждин студенти -Темирбека Жанара Эркинбековналар 74 балл менен 2-орунга, ОшМУ алдындагы медициналык колледждин студенти - Мойдунова Чолпонай Абдимиталиповна 72 балл менен 3-орунга ээ болду.

Кыргызстан медициналык колледждери Ассоциациясы тарабынан жеңүүчүлөргө диплом, жана акчалай сыйлыктар тапшырылып, Джалал-Абад медициналык колледжи олимпиаданы жогорку денгээлде уюштурганы учун ардак грамота менен сыйланды.







